Акматалиев Ж.Т., Карасартова Ж.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ТУУНУН СИМВОЛДУК МААНИСИ

Дүйнөдөгү өлкөлөрдүн бардыгы мамлекеттүүлүктүн, эгемендүүлүктүн символу катары тууну, гербди пайдаланышат.

Ал эми туу жөнүндө түшүнүк кыргыз элинде байыртадан эле калыптанган. Кыргыз эли менен канатташ, чектеш жашаган Байыркы Чыгыш жана Кытай, Индия өлкөлөрүндө туу илгертен колдонулган.

Элибиздин эчендеген кылымдарды карытып, тарыхый окуялардын тизмегин камтып, океандай ойдун кенендигине жеткен Манас эпосунда туу жөнүндө көптөгөн маалыматтар кездешет. Кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый тагдыры менен ажырагыс байланышта өнүккөн Манас эпосунда элдин, улуттун, өлкөнүн тагдырына байланыштуу зор окуялар сүрөттөлөт.

Эпос ар кандай окуяларды камтуу жагынан өтө ар түрдүү жана кеңири. Ошондуктан аны белгилүү бир тарыхый мезгилге байланыштырып кароо бир жактуу пикирди туудурат. Ал эми жалпы жонунан алганда Манас эпосунун бүгүнкү муундар үчүн баалуулугу – узак мезгилдер бою эл турмушу менен тыгыз байланышта болуп калктын башынан өткөргөн тарыхый жолунун урунттуу учурларын өз мазмунунда чагылдырып бере алгандыгында.

Улуу эпостун эл турмушунун кеңири көрүнүштөрүн терең чагылдырган энциклопедиялык мүнөздөгү мазмунунда кездешкен символдор азыркы учурда дагы актуалдуулугун жогото элек. Андай символдордун бири - **туу** (асаба, байрак, желек деп да айтылып жүрөт) болуп эсептелет.

Манас эпосундагы туу, желек, асаба, байрак деген сөздөр кыргыз элинде байыртадан колдонулуп келген жана өткөн тарыхта кыргыз тилине ар заманда, ар башка элдердин таасири аркылуу да сиңиши ыктымал. Бул боюнча фольклор изилдөөчү С.Дүйшөмбиевдин «Азыркы мезгилде асаба, туу, желек тилибизде дээрлик бирдей семантикалык мааниге ээ болуп эл арасында окшош түшүнүктө колдонулуп келе жатат. Бирок, тарых булактары менен эпоско кайрылып көрсөк булардын ар биринин өз алдынча аткарган функциялары бар экендигин жеңил эле аныктоого болот» деген пикирине толук кошулуу менен элибиздин оозеки чыгарма-чылыгынын бийик үлгүсү, тарыхый окуяларынын кенен масштабын боюна сиңирген Манас эпосундагы туу, асаба, желек, байрак сыяктуу сөздөрдүн маанилерине токтололу.

**Туу** – уруунун, элдин, аскер бөлүгүнүн жана мамлекеттин символу. Эпосто ар бир аскер бөлүгү башкача айтканда ондук, жүздүк, миңдиктердин өз-өзүнчө желеги болуп баардыгы бир тууга бириккен. Ошондой эле туу бийик жерге илинип аскерди чогултуу белгисин билдирген. Орто кылымда аттын куйругун, узун шыргыйдын же найзанын учуна бекитип жасаган тууларды да колдонушкан. Туу кыргыздарда ар кандай шарттарда түрдүүчө пайдаланган. Маселен жоого аттанганда туу алып жүргөнгө эр жүрөк, ишеништүү жоокер дайындалган. Салгылашуу учурунда кошуунга дем, кубат берүү максаты менен ал тууну көрүнө жерге кармап турган: «Ушул турган Кутубий туу түбүнө турарың» (С.К.1.106.). Туунун душмандын колуна түшкөнү жыгылганы жеңилгенге тете болгон. Ошондуктан туу ар дайым ыйык сакталган: «Туу түбүнө турушуп, Туубуз качпай турат деп, Кубат кылып урушуп» (С.О.2.140.) деген саптар туунун согуштагы психологиялык символикалык маанисин айкындап тургансыйт. Тынчтык мезгилинде көп эл чогулган жыйын, той-тамашаларда ар бир уруу, эл өз тууларынын айланасына топтолуш-кан. Ошондой эле эпостон ар бир аскердик топтун да өзүнө тиешелүү туусу,

желеги болгондугун жана анын түсү да өздөрүнө таандык экендигин баамдоого болот [1, 298].

«Алты жүз миң аскербиз,

Алты туга бөлүндүк». (С.О.2.40.).

«Ак асаба кызыл туу,

Айгайлаган ызычуу.

Көк асаба кызыл туу,

Көк жаңырган улуу чуу». (С.О.2.31.).

Туунун сөз катары калыптанышынын тамыры тереңде. Тактап айтканда, Байыркы түрк моңгол элдери кылды (жаныбарлардын жалын, куйругун) туу катары пайдалангандыгын сөздүн этимологиясы (түг>туг>**туу** – «Түк») да көрсөтүп турат [4, 514].

Ал эми тууну кыргыз элинин колдонуусу жөнүндө байыркы кытай, түрк, моңгол сыяктуу элдердин тарыхынан көп маалыматтарды табууга болот. Маселен Тан династиясынын (618-907 ж.ж.) учурунда кытайлар кыргыздардын жашоо шарты, тиричилиги, каада-салты, мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө байкоолорун тарыхый колжазмаларында камтып, алардын согуш учурунда тууларды колдонорун жазышканын эске алсак болот. Ушул эле маалыматты окумуштуу В.Кюнер «В Тайпинь-хуаньюйцзи говорится, что кыргызы имеют еще знамени и флаги. Их Ажо установил штандарт низ его вес красный» - деп трактовкалайт [7; 8].

**Асаба** – сөздүн түпкү теги асма, асылма дегенди туюнтат (балким бул сөз арабдардагы аса-таяк деген маани менен тектеш болушу да ыктымал) – туу, желек асылып коюлуучу жыгач – таяк маанисинде эпостун тексттеринде кеңири учурайт:

«Асабага туу байлап,

Ат коюшту айгайлап»

Бара-бара желектин, туунун жыгачы менен чүпүрөгү (чүпүрөккө чейин куйрук, топ кыл, түк, тери ж.б.) бөлүнбөй бир түшүнүк катары кабыл алуунун натыйжасында жалпы жолунан желекти туюнтуп калат [4, 451].

Ал эми «Манас энциклопедиясында» асаба араб сөзү катары берилип эпосто туу, байрак маанисинде колдонулары айтылат. [1, 1.100]. Асаба сөзүнүн араб тилинен келгендигин «Манас» эпосунда ислам дининин чакан орду бар экендигинин натыйжасы катары баалоого болот. Себеби, көп кылымдык мусулман элдеринин тарыхый, маданий алакаларынын натыйжасында бул сөз кыргыз тилинде кеңири колдонула баштаган.

**Желек** – түрдүүчө формадагы жана түрдүү кездемеден таякчага же узун жыгачка байланып, бир нерсенин символу катары колдонула турган байрак, тилке кездеме [3, 327].

«Аттын келер жолуна,

Ак желек алсын колуна».

«Асаба желек калкылдап,

Айчыктуу туулар жаркылдап».

- деген саптар желектин маанисин туюнтуп турат. Башка символдон айырмаланып «желек» желге желбиреген мааниде нукура кыргыз тилине таандык экендигин (Уң. «жел+эк» сөз жасоочу мүчөнүн жардамы менен түзүлгөн) байкоого болот. Анын тууга салыштырмалуу символдук мааниси аткаруу функциясы чектелүү.

«Сап-сап кылып чубатып,

Алып жүрдү Алмамбет.

Асман жерди чаңдатып,

Ар топко желек карматып» [6, 248].

«Найзага белги желектер» [5, 2.322].

- деген жогорудагы саптардын маанисине таянсак желек жеке жоокердин, баатырдын чакан аскердик топтун белгиси экендигин биле-биз. Элдин, мамлекеттин символу болгон - туунун астында желек кармаган ар уруудан аскерлер топтолуп, жеке баатырлар бириккени байкалат.

**Байрак** жөнүндө эпосто:

«Кара байрак желегим,

Каканчындын Бээжинден,

Качып келген бэреним».

«Кызыл байрак туу менен,

Кыйгыйлаган чуу менен» - деген саптар асаба желек сыяктуу эле туу маанисинде айтылганын тастыктайт. Окумуштуулар Л.Будагов., М.А.Га-фаров, Ф.Миклошич, И.А.Вуллера өз пикирлеринде «байракты» фарс тилинен ооп келген сөз дешет [2, 34].

Жогоруда аталган фактыларга таянуу менен туу, асаба, желек, байрак учурда бирдей маанини түшүндүрсө дагы Манас эпосунда аткарган функциялары боюнча айырмалангандыгын ошондой эле кыргыз тилине ар заманда, ар кайсы мезгилде киргендигин байкоого болот.

Ал эми учурда Кыргыз Республикасынын атрибуту символу катары пайдаланылган «кызыл туунун» маанисин Манас эпосу-ндагы туу жөнүндөгү маалыматтар айгинелеп тургансыйт.

Эпосто чачыранды кыргыз урууларын бириктирип турган айкөл Манас баатыр өз кызыл туусунун алдына түмөндөгөн аскерлерди чогултуп кыргыз элинин келечеги, эгемендүүлүгү үчүн күрөшөт. Айкөл Манас баатырдын туусу кызыл болгондугун

«Ногойдон калган кызыл туу,

Жакыптан калган мына бу.

Оболотуп аштады,

Тойду Жакып баштады» (С.О. 1.272).

«Кан Манастын айчыгы алтын кызыл туу,

Астына алып жүрүп кетти дүркүрөп» (С.К. II.80.), - деген сыяктуу көптөгөн

саптардан байкоого болот. Айкөл Манастан калган кызыл туунун символдук маанисин Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн, мамлекеттүүлүгүн чагылдырган өзгөчө белгиси катары түшүнүү талапка ылайык. Эпостогу «Айчыгы алтын, ак асаба кызыл туу» байыртан элибиздин биримдигин, ынтымагын, патриоттук арнамысын сактаган ыйык мурасы, эгемендүүлүктүн, мамлекеттүүлүк-түн желбиреген символу катары бааласак болот.

Ылайым өлкөбүздүн кызыл туусу кыйшайбай Алатоонун ажарын ачып Айкөл Манастын жана байыркы кыргыздын рухун сактап турсун.

## Адабияттар

1. Манас энциклопедиясы. –Бишкек: Мурас, 1995.
2. Этимологический словарь тюрк-ских языков. –М.: Наука, 1978.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Фрунзе, 1984.
4. Орозбаковдун С. варианты боюнча академиялык басылыш. Манас I.II. китеп. -Бишкек: Кыргызстан, 1995.
5. Орозбаков С. Манас. II. –Фрунзе: Кыргызстан, 1980.
6. Каралаев С. Манас. I.II. китеп. -Фрунзе, 1984 .
7. Эсен уулу Кылыч. Это алое знамя. //Кут билим. 1993, 14-апрель.